| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОН РАЙОНУ<br>КҮН-ЧЫГЫШ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>КУН-ЧЫГЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин кезектеги**
**III сессиясынын**
**№ 8 ТОКТОМУ**

2024-жылдын 16-апрели                                        Бөкөнбаев айылы

**Күн-Чыгыш айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын жана паспортун бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Ысык-Көл облусунун Тон районунун Күн-Чыгыш айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кыргызмамжердолбоор" мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Күн-Чыгыш айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып, жана талкуулап Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Күн-Чыгыш айыл амагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.

2.Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасы К.Карыповго жана Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Рыспай уулуна схемалык картага кол коюу жагы тапшырылсын.

3.Күн-Чыгыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн паспорту бекитилсин. Тиркеме №1

4.Бул токтомдун көчүрмөсү Тон районунун мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага                                        К.Карыпов